**«Бишкек шаарында мектепке чейинки билим берүү мекемелерин куруу» мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорун ишке ашырууга кызыкдар экендигин билдирүү жөнүндө жарыя**

**МЖӨ долбоорунун сыпаттамасы.**

«Бишкек шаарында мектепке чейинки билим берүү мекемелерин куруу» мамлекеттик-жеке өнөктөштүк (МЖӨ) долбоору мектепке чейинки билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга багытталган.

МЖӨ долбоордун объектилери болуп Бишкек шаарынын конуштарындагы төмөнкү жер тилкелери аныкталган:

- «Арча-Бешик» конушу, Садыбакасов көчөсү - Кызыл - Адыр көчөсүндөгү жер тилкеси, аянты - 0,28 га.;
- «Кара-Жыгач» конушу, Кара-Жыгач көчөсү - Исакеев көчөсүндөгү жер тилкеси, аянты - 0,34 га.;
- «Ак-Өргөө» конушу, Ашар көчөсүндөгү жер тилкеси, аянты - 1,71 га.

**Долбоордун максаттары жана милдеттери.**

МЖӨ долбоорунун башкы максаттары:

- Балдар бакчаларына кезектерди кыскартуу менен балдар үчүн сапаттуу мектепке чейинки билим берүүгө жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу жолу менен мектепке чейинки билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу;
- Социалдык туруктуулукту жана калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу.

**МЖӨ долбооруна минималдуу талаптар.**

МЖӨ долбоору төмөнкү минималдуу талаптарга ээ:

- МЖӨ долбоорунун бардык иш-аракеттеринин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкештиги;
- жеке өнөктөш тарабынан МЖӨ долбоорун түзүү жана жеке өнөктөштүн атынан МЖӨ долбоорунда иш алып баруу;
- балдардын айрым категориялары үчүн жеңилдетилген шарттарда кызмат көрсөтүү.

Мындан тышкары, жеке өнөктөш тарабынан төмөнкү социалдык жоопкерчилик белгиленет:

- балдар үчүн жеңилдетилген орундарды берүү, мында бала бакчага барган балдардын жалпы санынын 30% ы мамлекеттик бала бакчаларга бирдей акы төлөө боюнча окутулат жана 30 % - жеңилдетилген негизде, б. а. окуу акысынан 50 % жеңилдетилет.

**Кызыкдар болгон учурда**

Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаментине кайрылыныздар. Дареги: Бишкек ш., Чокморов көч., 246, тел.: 0312 45 41 13, E-mail: dumi@meria.kg.